2022-2023-окуу жылынын 1-жарым жылдыгында окуу процессинин графиги боюнча сырттан окуу бөлүмүнө Сабактар аралык жыйынтыктоочу Мамлекеттик экзамен 10-февралда болуп өттү жыйынтыгы төмөнкүдөй болду.

| № | Тайпалар | Кураторлор | Жалпы | “5” | “4” | “3” | “2” | Келген жок |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 403-ПО З\О | | 16 | 4 | 9 | 2 | | 1 |
| 2 | 405-ЭС З/О | | 21 | 5 | 10 | 4 | | 2 |
| 3 | 402-ЭСт З\О | | 4 | 1 | 3 | | | |
| | | **Баардыгы** | **41** | **10** | **22** | **6** | | **3** |

Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын чечименин негизинде 228 бүтүрүүчүлөргө тиешелүү квалификациялар ыйгарылды.

## Тарбиялык иштер

Окуу тарбия иштеринин жылдык планы бекитилип, ар бир тайпанын кураторлору дайындалды.

**1-сентябрь “Билим күнү салтанаттуу кече**” уюштурулду. Бул күнү окуу жайга кабыл алынган 1-курстун студенттери колледждин Уставы жана ички тартип эрежелери менен таанышышты. Бишкек техникалык колледжинин админстрациясы жалпы студенттер менен жолугушту. Билим күнүнө карата ар бир тайпада кураторлор менен тарбиялык сабактар өткөрүлдү.

Жаштар кеңешинин ишин жандандыруу максатында жалпы жыйналыш 15-сентябрь күнү уюштурулуп, студенттер тарабынан Жаштар кеңешинин төрагасы шайланды.

Бишкек техникалык колледжинде “Жаштар кеңеши” өз ишин жүргүзүп келет. Жылдык иш пландары тузүлгөн. Ар дайым Жаштар кеңешинин мүчөлөрү менен өз ара чогулуштар өткөрүлүп, сабактарга студенттердин жетишүүсү каралып турду. Ар бир тайпанын кураторлору бөлүнгөн тайпаларында окуган студенттер тууралуу өздүк маалыматтарды (студенттин кайда жашагандыгы, ата-энеси, үй-бүлөлүк абалы, телефон номерлери) алышты.

**Окуу жайда 23-сентябрь Мамлекеттик** тил күнүнүн 33 жылдыгына карата бир айлык жарыяланды. “ Тил - улуттун байлыгы” аттуу темада дил баяндар жазылды. Бул дил баянга ар бир тайпанын студенттери жана кыргыз тили жана адабият сабагынын мугалимдери да катышты. Ошону менен катар тил күнүнө карата “Көркөм окуу” сынагы жарыяланып, эң мыкты деп табылган студенттердин эмгеги бааланды. Аталган иш чарада 111-2, 105-ЭСТ тайпалары 1-курстарынын арасында “Тилим менен улутмун” деген аталышта таймаш өткөрүлдү. Калыстар тобу дайындалып жыйынтыгы чыгарылды.

Калыстар тобунун мүчөлөрү: В.Н. Кендирбаева, А. Үркүнбаева, Н. Исакуловалар таймаштын жүрүшүндө калыстык бааларын беришти. Жеңүүчү деп табылган 111-2 тайпасы 88 упай топтоп, биринчи орунга ээ болду. Аталган иш чарада көркөм окуу, ыр-бий, улуттук тилди даңазалаган чакан көрүнүштөр орун алды.

Ар бир тайпада бул багытта кураторлору тарбиялык сабактарды: "Элди эл кылып турган анын дили" деген аталышында сабактар уюштурулду.

**5-октябрь " Билим берүү тармагынын кызматкерлеринин кесиптик майрамына**" карата мугалимдер күнү окуу жайыбызда белгиленди. Бул күнгө карата окуу жайдын Жаштар кеңешин студенттери тарабынан даярдалган концерттик номерлер окуу жайыбыздын маданий залында өткөрүлдү. Маданий иш чаранын жүрүшүндө мугалим эже агайларга ыр бийлер тартууланды. Ошондой эле Бишкек техникалык колледжинин админстрациясы тарабынан көп жылдан бери талыкпай, үзүрлүү эмгектенип билим берүү тармагына кошкон салымы үчүн эже агайлар "Ардак баракча", "Ыраазычылык кат" менен сыйланышты. Студенттер менен иштөөдө алдыңкы орунду багынтып "Эң мыкты куратор" наамына Омуралиева Зарина ээ болду. Санкт- Петербург шаарынын 15 жылдыгына карата Ж.Я.Котин атындагы Машина куруу академиясы уюштурган Эл аралык конкурска студенттерди даярдаган окутуучулар: Д. А.Батырбекова, Э.Т.Касымов, Г.А. Маймеровалар "Ыраазычылык каттарга" ээ болушту. Майрамдык кечеде куттуктоолор айтылуу менен иш чара жыйынтыкталды.

Октябрь айынын 19.10.2022.ж күнү саат 14.00 дө **Жаштар кеңешинин жыйынында** директордун окуу иштери боюнча орун басары М.М. Долотовдун катышуусунда ар бир тайпанын башчылары, актив колледж студенттери жолугушуу орун алды. Ал өз сөзүндө ар бир студенттик көз ирмемдер кызыктуу учурларга бай болуу, сабактарга активдүү катышуу, спорттук оюндар, сабактан кийинки бош мезгилди туура колдоно билүүгө жаштарды чакырды. Билимдүү жаштардын катарын толуктап, бүгүнкү замандын талабы болгон тил үйрөнүү, сабактарды үзгүлтүккө учуратпай катышуу жетишүүнүн көзөмөлдөөсүнө, окуу жайга тиешелүү инстаграм сайттар иштелүүсүн белгилеп, студентердин суроолоруна жооп берип кенен баарлашуу болду.

Окуу жайыбызда Сергек жашоого дени сак балдар кыздар тарбиялануу максатында жалпы колледждин тайпаларынын ортосунда **Футбол оюнунун биринчилиги** жарыяланды. Жалпысынан аталган мелдешке 1-2-3-курстун студенттери катышты. Ар бир тайпадан балдар тандалып, эң мыкты футбол оюнун ойноп, жеңишке жеткен командалар калыстар тобу тарабынан сыйланды.

1-орун -208 " Ачык тоокен иштер" тайпасынын балдары, 2-орун-112 "Электр станциялар, тармактар жана системалар" тайпасынын балдары, 3-орун 207 "Ачык тоокен иштер" тайпасынын балдары сыйланышты. Ошондой эле "Эң мыкты чабуулчу" Тагаев Кенжалы, "Эң мыкты коргоочу" Мадылбеков Адемир, "Эң мыкты дарбазачы" Токтомушев Бакберген жана 208 тайпасынын студенттери "Алкыш баракчалар" жана кызыктыруучу белектер менен сыйланышты.

Ушул эле жылдын 26-октябрь күнү саат 11.30да ИДН 1-май райондук кызматкерлери менен жалпы жолугушуу уюштурулду. Бул жолугушууда студенттерди таалим тарбияга, баңгизаттардан алыс болууга тарбиялоо максатында, ар кандай кырсыктан алдын алуу, тамеки -ден соолукка зыян жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

**17-ноябрь "Студенттер күнү"** окуу жайыбыздын маданий залында белгиленди. Эл аралык студенттер күнүнө карата адептүүлүгү, тарбиялыгы жана колледждин турмушунда активдүү катышкан төмөнкү тайпанын студенттери: 203-1 "Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо" адистигинин студенти Жээнкулов Бекнур, Рахманова Шамшинур жана ушул эле адистиктин 203-2 тайпасынын студенттери Шергазиев Нуртилек, Кемелбекова Сезим., 204 "Техникалык эсептөөчү каражаттарды жана компьютердик тармактарды техникалык тейлөө" -Эсенбеков Кутман, Султан кызы Гульмира, 208 " Ачык тоо кен иштер"- Сулайманов Жеңиш, 212 "Электрдик станциялар, тармактар жана системалар"- Бабаназарова Назгуль, 301 "Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо" Борубаев Амантай, Арзымаматов Өмүрбек, Дилшатбек кызы Айзирек, 303-2 тайпасынын студенттери Бояркина Олеся, Абылгазиев Бектурсун, Абдиназаров Ынтымак, 303-ПО-3 Ырысбек уулу Сыймык, Эсенгулов Шабдан, Улукбек уулу Белек, 305 "Электр менен

жабдуу" тармактар боюнча Кемелов Самудин, Төлөнов Эмил., 307 "Ачык тоо кен иштер" -Бактыбек уулу Эйнар, Абдиназаров Бекзат, Капаров Тариэль, 308 тайпасы- Захряпин Станислав, Акимбек уулу Орозбек, 312-тайпасы Акимбаев Дөөлөт, Кылычбек уулу Дастан "Ардак граммота" менен сыйланышты. Иш чаранын жүрүшүндө 1-курстун студенттерине Билим ачкычын тапшыруу менен бирге студенттик билеттер берилди. Бул иш чарада Санкт-Петербург шаарынын Машина куруучулардын Союзунун регионалдык бөлүмүнүн 15 жылдыгына карата Ж.Я. Котин атындагы Машина куруу академиясы уюштурган Эл аралык конкурска катышып, 1-орунга ээ болгон төмөнкү студенттер: Абуманапов Мухаммадазиз Алыбекович, 201-ТМ тайпасынын студенттери, Маратбеков Курманбек Маратбекович 301 тайпасы, Мырзаканов Султан 201, Мамасабыров Барсбек, Сабитов Камалдин Бишкек техникалык колледжинин "Ардак граммотасы" менен сыйланышты. Уюштурулган иш чаранын алкагында ыр-бийлер тартууланды.

Үстүбүздөгү жылдын 1-декабрь **Бүткүл дуйнөлүк СПИД** менен күрөшүү күнүнө карата ар бир тайпанын студенттерине тарбиялык сабактар өткөрүлдү.

**12-декабрь Чыңгыз Айтматовдун туулган** күнүнө карата окуу жайдын маданий залында "Көктөгү жылдыз" аттуу адабий кече өткөрүлдү. Кечеге И. Арабаев атындагы мамлекеттик Университетинин Кыргыз мамлекеттик тил жана маданият институтунун филология илимдеринин доктору профессор Эгембердиева Айгүл Абдижапаровна, ф.и.к., Жумабаева Гулгаакы Зулумбаевна, ф.и.к., доцент Каныбекова Айнура Каныбекова жана Кыргыз мамлекеттик теле-радио корпорациясынын журналисти Кожогулов Атахан Бейшеналиевичтер келип катышып, Ч. Айтматов тууралуу кенен маалымат беришти. Иш чаранын жүрүшүндө Айтматовдун чыгармаларынан сахналык көрүнүштөр, ыр бийлер, көркөм окуулар тартууланды. Даярдаган кыргыз тили жана адабият сабагынын мугалими Калмурзаев Ишенаалы.

21-декабрда **КРнын Жогорку Кеңешинин депутаты Кадырбеков Нуржигит Кадырбековичтин** катышуусунда "Китеп күчү" аттуу жолугушуу кече окуу жайдын жыйындар залында уюштурулду. Жолугушууда Н. Кадырбеков студенттердин кызыктырган суроолоруна жооп берип, кенен баарлашуу орун алды. Китеп сүйүүчү студенттер жана окутуучуларга "Мыкты окурман", "Алкыш баракча" жана өзүнүн калемине таандык китептерди тапшырды.

27-29-декабрь күндөрү окуу жайдын студенттерине жаңы жылдык оюн-зооктор уюштурулуп берилди. Ага окуу жайдын 1-2-курстун студенттери катышышты. Жыл жыйынтыгында ар бир тайпанын студенттерине тарбиялык сабактар өткөрүлүп, кышкы эс алууга кетишти.

**21- февраль "Эл аралык Эне тили күнүн**ө" карата тилге арналган кече окуу жайдын актовый залында жетекчи Кендирбаева Венера Нарынбиева жетекчилигинде 107 тайпасы менен биргеликте уюштурулду. Ошондой эле ар бир тайпада куратордук сабактар өткөрүлдү.

**4-март күнү жалпы ишембилик**өткөрүлдү. Бул күнү 111-ТЭС 2 жана 111-1 204-тайпалардын студенттери жана жалпы мугалимдер катышты.

**5-март Ак калпак күнүнө карата ар бир тайпада тарбиялык сабактар орун алды.**

6-март күнү "Асылзат айымдар" кечеси актовый залда уюштурулуп, кечеде студенттик кеңештин мүчөлөрү БТКнын айымдарына гүл белектерин тартуулашты.

21-март Улуу Нооруз майрамына карата ар бир тайпада тарбиялык сааттар орун алды.

29-март Кыргыз драм театрында Т. Касымбековдун тарыхый романынын негизинде "Сынган Кылыч" спектаклин көргөнгө 101, 107, 105, 103 тайпаларынын студенттери барышты.

31-март күнү Гапар Мадаминов менен жолугушууга окуу жайдын окутуучулары катышты.

7-апрель күнүнө карата тарбиялык сабактар уюштурулду.

Апрель айында жалпы 1-курстун студенттери менен жашы жетелек өспүрүмдөр менен иштөө бөлүмүнүн кызматкерлери менен жолугушуу уюштурулду. Жолугушуунун максаты жаштардын зыяндуу заттар (электрондук тамеки), ичимдик ичүүдөн алыс болуусу жана коомдогу болуп жаткан терс көрүнүштөргө жол бербөө багытында болду.

20-апрель күнү жалпы студенттик кеңештин жыйналышы орун алды. Жыйналышты Майрамбек Маматжанов алып барды. Жалпы тайпадагы актив мүчөлөрүнүн суроолоруна жооп берди.

5-май Кыргыз Республикасынын конституциясынын 30 жылдыгына карата атайын иш план бекитилип, ар бир тайпада тарбиялык сабактар жогорку деңгээлде уюштурулду.

9-май Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңиштин 78 жылдыгына карата тарбиялык сабактар өткөрүлдү жана “Баатыр баяны” кино тасмасын көрүүгө 1чи жана 2-курстун студенттери барышты.

БТКнын 1-2-3 -курстар арасында мини футбол орун алып, 1-орунду 208-тайпа, 2-орун 112-2, 3-орун 111-2 тайпаларынын студенттери жеңишке жетти.

Бишкек техникалык колледжинин студенттер кеңешинин активдери менен ректор М.Чыныбаев менен жолугушуу уюштурулду.

2022-2023-окуу жылынын жыйынтыгында студенттер жана ата-энелери менен тыгыз байланышта мыкты иштеген кураторлор болуп төмөнкүлөр эсептелди.

1. Омуралиева З. М. 203 ПО-1 --78.35%
2. Стаценко С.В. 103 ПО -- 76.54%
3. Кылыйева Н. Ж. 204 ТО -- 76.12%

Колледждин студенттери И.Раззаков атындагы Кыргыз Мамлекеттик Техникалык Университетинин колледждеринин арасында өткөрүлгөн Футбол боюнча таймашында – 1-орун камсыздашты.

2023-жылдын 12-июнунда колледждин кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы Жумабаева С.Ж. жана 203-1 Тайпасынын студенти Жээнкулов Бекнур СТВ каналында «Таңкы маанай» программасына катышып, интревью берип келишти.

«Кыргыз Республикасынын инновациялык өнүгүүсүнүн маалыматтык ресурстары жана технологиялары» I Улуттук форумуна китепкана башчысы Отунчиева жана инженер-программист Эстебес уулу А. катышып келишти.

Борбордук Азия Регионалдык Институту (RICA) уюштурган Python хакатонуна колледждин "I-Hub" клубу катышып, «Мектептер үчүн системаны («DS» Digital School)» иштеп чыгышып, 1-орунга ээ болушту.

«Worldskills Russia Евразиялык компетенцияны өнүктүрүү программасы Eurasiaskills-2022» чемпионатына колледждин студенттери эки компетенция боюнча (Графикалык дизайн жана Веб технология) аралыктан катышып, жыйынтыгында Бояркина Олеся 25 мамлекеттин ичинен 7 орунду камсыздады.

2022-жылдын 14-ноябрында Т.Сатылганов атындагы филармонияда Бишкек шаардык иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү башкармалыгы тарабынан уюштурулган «Жумуш жана кесип жарманкесине» колледждин жетекчилиги, окутуучулары жана студенттеры барып колледждин ишмердүүлүгүн жана жетишкендиктерин чагылдырган көргөзмө уюштурушуп, кызыктар болгон тараптардын суроолоруна жооп берип келишти

2023-жылдын 26-майында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан уюштурулган Эмен паркында өткөн "Артыкчылыктуу адистиктер жана кесиптер фестивалына" колледждин жетекчилиги, окутуучулары жана студенттеры барып колледждин ишмердүүлүгүн жана жетишкендиктерин чагылдырган көргөзмө уюштурушуп, кызыктар болгон тараптардын суроолоруна жооп берип келишти.

## AVN маалымат системасы

Колледжде AVN маалымат системасы 2017-жылдан бери иштеп келет. Бул продуктуну“AVN” ЖЧКсы менен келишим түзүп иштетип келебиз. Бизге маалымат системасын иштетүү боюнча атайы кызматкер дайындалып, системанын турукту иштеп туруусуна көзөмөл жүргүзүп келет.

Программа 38 кичи программадан турат, алардын ар бири окуу ишинин айрым түрлөрүнө арналган. Бүгүнкү күндө кызматкерлер жана окутуучулар 13 кичи программа менен иштеп жатышат. Кызматкерлер, окутуучулар жана студенттер тууралуу бардык маалыматтар программанын бирдиктүү маалымат базасына киргизилет. Ошондой эле окуу пландары, сааттарды бөлүштүрүүнүн эсеби, мугалимдердин окуу жүктөмдөрү ж.б.у.с.

Окутуучуларга жана студенттерге кирүү үчүн интернет аркылуу «AVN» тышкы порталы ишке киргизилген. Башкача айтканда, бардык окутуучулар жана студенттер AVN маалымат

системасында аккаунттары ачылган. Тышкы порталга кирүү үчүн ыңгайлылык үчүн колледждин сайтына btk.kg туташтырылган.

Окутуучулар сайтка аркылуу өзүнүн баракчасына кирип: сабактардын жадыбалы, жанылыктар, жеке жүктөмүн таанышып; электрондук журналды, электрондук ведомосту колдоно алышат. Ошондой эле окуу методикалык материалдарын, көрсөтмөлөрүн жүктөп, студенттер менен аралыктан маалымат алмаша алышат.

Студенттер «AVN» маалымат системасындагы өздүк баракчаларына киришип: сабактардын жадыбалына, электрондук журналга, ведомостко, окутуучулардын окуу-методикалык материалдарына, жеке картасына колдонууга уруксат алышат жана электрондук тестирлөөдөн өтүшөт.

«AVN» маалымат системасы окуу процессин ишке ашырууда чоң женилдиктерди алып келүүдө: студенттердин кыймылы, жетишүүсү, сапаты, окуу методикалык материалдар менен жабдылышы, окуу акысынын төлөмү ж.б.у.с.

## Электрондук китепкана.

Колледжде el-kitep.kg электрондук китепканасы түзүлгөн. Электрондук китепкана – бул өзүнчө сайт, өзүнүн функционалдуулугу менен, биздин өлкөдө теңдеши жок. Учурда электрондук китепканада 500дөн ашык электрондук окуу китептери бар: жалпы билим берүү дисциплиналары, адистиктер боюнча китептер ошондой эле пайдалуу шилтемелер бөлүмү бар.

Электрондук китепкана биздин китепканадагы бар китептерди санариптештирүү менен түзүлгөн. Процесс абдан көп убакытты талап кылды, анткени санариптештирүүдөн тышкары, маалыматтарды бир нече жолу иштетүү керек болчу. Эң жакшы сапатка жетүү үчүн. Азыркы кездеги электрондук окуу китептеринин түп нускасынан эч айырмасы жок. Санариптештирилген китептер негизинен акыркы 10 жылда басылып чыккан китептерден куралды.

Электрондук китепкана биздин btk.kg сайтыбызга тиркелген. Ар бир мугалим жана студент электрондук китепканага жекече кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алат. Учурда бул продуктунун 800дөн ашык колдонуучулары бар.

60 000 сомго жаңы планетардык сканер сатып алдык. Эми китептерди өзүбүз тез жана натыйжалуу санариптештире алабыз. Электрондук китептерди өркүндөтүү жана көбөйтүү боюнча ишти улантабыз. Ошентип, китептердин жетишсиздиги жана лицензиялык талаптардын сакталышы көйгөйүн чечебиз.

## Эл аралык мамилелер

2022-2023-окуу жылында колледж төмөнкү Россия Федерациясынын жана Казак Республикасынын орто кесиптик окуу жайлары менен тыгыз байланышта болду.

1. Ж.Я. Котин атындагы Машина куруу академиясы. (Россия Федерациясы)
2. Петров колледжи (Россия Федерациясы)
3. Электротехникалык техникум (Россия Федерациясы)
4. Москва мамлекеттик электромеханика жана маалыматтык технологиялар колледжи» (Россия Федерациясы)
5. Алма-Ата мамлекеттик энергетика жана электрондук технологиялар колледжи (Казакстан)
6. Уст-Каменогорск жогорку политехникалык колледжи" (Казакстан)
7. Жаяу Мусы атындагы Аксуу колледжи (Казакстан)

2022-жылдын 19-сентябрында **Eight Tool Co, LTD** компаниясы менен «Кызматташуу жана биргелешкен иш-чаралар боюнча өз ара түшүнүшүү» меморандумуна кол коюлду. Меморандумга аталган компаниянын Экспорт боюнча менеджери Томоаки Йосикава кол койду.

2023-жылдын 23-24-мартында колледждин директору Келебаев К.К. жана окуу бөлүмүнүн башчысы Садыкбаев Н.Т. ММСО.EXPO-2023 МОСКВА ЭЛ АРАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ САЛОНУна катышып келишти.

2023-жылдын 27-28-апрелинде колледждин директору Келебаев К.К. жана директордун ОИБ орун басары Долотов М.М. Ж.Я. Котин атындагы Машина куруу академиясынын 5 жылдык салтанаттуу юбилейине катышып жана жаны келишимди 2018-жылдын 9-октябрындагы түзүлгөн өз ара кызматташуу келишимин 2028-жылга чейин узартуу жөнүндө келишимге кол койулду;

2023-жылдын 20-апрелинде Машина куруу адистигинин студенттери Абдраимов Султан Маратович (жетекчиси Христосенко О. П.) жана Фирсов Антов Алексеевич (жетекчиси Батырбекова Д. А.) Ж. Котин атындагы Машина куруу академиясы уюштурган "Келечектеги өндүрүштүк технологиялар: идеядан ишке ашырууга чейин" илимий-практикалык конференцияга катышып сертификат жана грамоталарды алышты.

2023-жылдын 15-28-февралында БТКнын студенттери Иркутск облусунун «Братск политехникалык колледжи" тарабынан уюштурулган "Сибирь континенти» геоrафия боюнча эл аралык олимпиадага катышышты. Жыйынтыгы боюнча Осконбаева Назира Эркимбековна дипломго ээ болду. Насиров Байэл Шеримбекович, Медетов Жунус Нурланович, Мамаджанов Кутман Майрамбекович, Туртемиров Нурсултан Талантбекович, Алымкулов Канай Байданович катышуучулардын сертификаттарын алышты.

Ж.Я.Котин атындагы Машина куруу академиясы менен бирдикте Россиянын машина куруучуларынын союзу тарабынан уюштурулган Россиянын машина куруучу союзунун Петербург облasттык бөлүмү түзүлгөнүнүн 15 жылдыгына арналган «БИЗДИН СОЮЗМАШ» Эл аралык сынагына колледждин студенттери катышып, төмөндөгү төрт номинация боюнча биринчи орунду ээлешти:

1. Абдуманапов Мухаммадазиз Алыбекович, 201-группанын студенти « Этого вы еще не видели!» номинациясы боюнча. (жетекчиси Батырбекова Д.А.);
2) «Я горжусь своей трудовой династией!» номинациясы боюнча 301 тайпанын студенти Маратбеков Курманбек Маратбекович. (жетекчилери Маймерова Г.А. жана Христосенко О.П)

3) «Вы обо мне еще услышите!» номинациясы боюнча 201-группанын студенти Мырзаканов Султан Нурбекович. (жетекчиси Маймерова Г.А.);
4) Мамасабыров Барсбек Дамирбекович, 301-группанын студенти «Мне повезло с наставником!” (жетекчиси Касымов Э.Т.);

## Уюштуруу иштери

Колледждин жетекчилиги окуу аянттарын кеңейтүү максатында Бишкек шаарындагы колледждин иш-берүүчүлөрү менен тыгыз иш алып барып, жыйынтыгында «Бишкек штамптоочу» Мамлекеттик ишканасы менен биргеликте 2022-жылдын ноябрь айында колледждин экинчи корпусунун ачылышына жетише алдык. Жалпы аянты: 500 кв.м. Сыйымдуулугу: 5 окуу кабинеттери, 1 конференц зал, 1 компьютердик кабинет, 1 лаборатория. Капиталдык салымдар: 3,7 млн.сом түздү. Азыркы кезде 2-корпуста машина куруу адистиги жана жалпы техникалык сабактары боюнча окутуучулар студенттерге сабак өтүүдө.

2022-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жана Азия өнүктүрүү банкынын “Сектордун өнүктүрүү программасы: Инклюзивдүү өнүгүү үчүн көндүмдөр” долбоорлоруна алкагында Бишкек техникалык колледжи пилоттук окуу жай катары тандалып алынган. Бул долбоордун негизинде Бишкек техникалык колледжге төмөнкү жумуштар аткарылмакчы:

1. Капиталдык түзө иштери – 18,7 млн.сом;
2. Окуу жабдуулары – 4,5 млн.сом;
3. Окуу-методикалык камсыздандыруу (квалификацияларын жогорулатуу).

## Кабыл алуу

И.Раззаков атындагы КМТУнун ректорунун 2023-жылдын 5-июнундагы №1/127 “КМТУнун орто кесиптик билим берүү программаларын оптималдаштыруу жөнүндө” буйругунун негизинде 2023-2024-окуу жылынада БТК төмөнкү адистиктер боюнча кабыл алууну ишке ашырат:

<table>
<tr><th rowspan="3">№ П/П</th><th rowspan="3">Адистик</th><th rowspan="3">Код</th><th colspan="6">Окуу формалары боюнча кабыл алуу планы</th><th rowspan="3">окуу акысы</th></tr>
<tr><th colspan="2">бюджет</th><th colspan="2">контракт</th><th rowspan="2">сырттан</th><th rowspan="2">Жалпы</th></tr>
<tr><th>9-класс</th><th>11 класс</th><th>9-класс</th><th>11 класс</th></tr>
</table>

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Машина куруунун технологиясы | 151001 | 25 | | | 10 | 10 | 45 | 27500 |
| 2 | Техникалык эсептөөчү каражаттарды жана компьютердик тармактарды техникалык тейлөө | 230110 | 25 | | 25 | 25 | | 75 | 27500 |
| 3 | Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо | 230109 | 25 | | 50 | 25 | 10 | 110 | 27500 |
| 4 | Ачык тоо-кен иштери | 130403 | | | 50 | 25 | | 75 | 29500 |
| 5 | Автоматташтырылган системалардын маалыматтык коопсуздугу | 100203 | | | 25 | 25 | | 50 | 35000 |
| 6 | Компьютердик системаларда программалоо | 230111 | | | 50 | 25 | | 75 | 35000 |
| | **Итого:** | | **75** | **0** | **200** | **135** | **20** | **430** | |

Мындан сырткары колледждин жетекчилиги тарабынан жаны адистиктерди ачуу боюнча иштер алынып барып, төмөнкү адистиктер боюнча эксперименталдык окуу пландары иштелип чыкты.

**Мехатроника жана мобилдик робототехника**
**Тармакты жана системаны башкаруу**
**Программалык инженерия**
**Экология жана энергетикалык натыйжалуулук**
**Биотехникалык жана медициналык аппараттар жана системалар**

Окуу пландары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана имлим министрлиги менен макулдашып .Раззаков атындагы КМТУнун ректору тарабынан бекитилди. Аталган адистиктер боюнча тиешелүү документтер даярдалып КР ББИМ лицензия алуу максатында жөнөтүлдү.

**Жыйынтыкталбай калган иш-чаралар:**

1. Бүгүнкү күнгө чейин окутуучулар тарабынан дисциплиналар боюнча окуу-методикалык комплекстерди толук иштеп чыга электиги;
2. Ачык видеосабактарды иштеп чыгуусу;
3. Бүтүрүүчүлөрдүн Ассоциациясын жана Карьера Борборун түзүү
4. Лицензиялоодон өтүү.
5. Электрондук китептердин аздыгы.

**Жаңы окуу жылында окуунун сапатын, студенттердин сабакка катышуусун жакшыртуу, ошондой эле кураторлордун жана окутуучулардын жоопкерчилигин жогорулатуу максатында төмөндөгүлөрдү сунуш кылам:**

1. Директордун орун басарлары жана бөлүм башчылары өз иштерин колледждин иштелип чыккан жоболоруна ылайык жүргүзүшсүн.
2. Окутуучулар 25-августка чейин окуу-методикалык комплекстерди иштеп чыгуу боюнча иштерди бүтүрсүн.
3. Билим берүүнүн сапаты бөлүмү мындан ары да окутуучулардын окутуу сапатын жогорулатуу, усулдук кеңештин жыйындарын өткөрүү, окутуучулар үчүн семинарларды, ачык сабактарды уюштуруу иштерин күчөтсүн.
4. Бөлүмдүн башчылар Кыргыз Республикасынын жана чет мамлекеттердин башка окуу жайлары менен өз ара кызматташуу боюнча ишти күчөтсүн.
5. Директордун өндүрүштүк окутуу боюнча орун басары жана практика башчысы:

- иш берүүчүлөр менен тыгыз иштөөнү күчөтсүн;
- бардык адистиктер боюнча практиканын базасын кеңейтүүсүн улантсын;
- дуалдык билим берүү системасын киргизүү боюнча ишти улантсын;
- кыска мөөнөттө өндүрүштүк окутуу программасын иштеп чыгуу жана аны окуу процессине киргизүү боюнча иш-чараларды өткөрсүн;

6. Билим берүүнүн сапаты бөлүмү жана бөлүм башчылар окутуучулардын жана студенттердин академиялык мобилдүүлүгүн уюштурушсун;

7. Билим берүүнүн сапаты бөлүмү, бөлүм башчылар, циклдик комиссиялардын төрагалары жана атайын дисциплиналардын окутуучулары менен бирдикте модулдук окутуу боюнча Окуу программаларын иштеп чыгышсын;

8. Директордун ӨОБ орун басары жана бөлүм башчылар жаңы адистиктер боюнча лицензиялоодон өтүү үчүн баардык иш-аракеттерин көрүшсүн;

9. Директордун ӨОБ орун басары жана бөлүм башчылар Бүтүрүүчүлөрдүн Ассоциациясын жана Карьера борборун 1-ноябрга чейин түзүшсүн;

10. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча директордун орун басары мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча сынактарды, көргөзмөлөрдү, конференцияларды уюштурсун.

11. Китепкана башчысына жана инженер-програмистке окутуучулар менен тыгыз иштеп, электрондук китептердин саанын көбөйтүүсүн камсыздасын.

Директордун ОИБ орун басары М.М.Долотов